# Сагымбаева

# Анар

# Келдибаевна



## Мугалим жөнүндө маалымат:

| | |
|---|---|
| **Туулган жылы** | 1.04.1952- жыл |
| **Туулган жери** | Ысык-Көл облусу, Ак-Суу району, Ичке-Жергез айылы |
| **Улуту** | Кыргыз |
| **Үй-бүлөлүк абалы** | Жесир, 2 кыз,1 небере |
| **Жашаган жери** | Таш-Дөбө айылы, Кооперативная көчөсү 3 |
| **Байл. телефону** | 0500 (777)205092 |
| **Эл. дареги** | sagymbaevanar@gmail.com |

Эмгек стажы: 52 жыл
Педагогикалык стажы: 40 жыл
Иштеген жери: Чүй облустук мектеп-гимназиясы
Билими:

| Билими | Окуган жери | Окуу жылы |
|---|---|---|
| Жогорку | Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университети<br>Факультет: Кыргыз филологиясы<br>Кафедра: Кыргыз тили жана адабияты | 1970-1977-ж<br>диплом Б-I №045904<br>каттоо номери<br>10104195200462 |

## Билимин жогорулатуу курстары:

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Билимин жогорулатуу квалификациясы** | И.Арабаев атындагы КМУ "Инновациялык билим берүү" | 19-апрель 2016-жыл | Сертификат |
| -//- | КББА "Окутуунун активдүү методдору" | 2-июнь 2017-жыл | Сертификат |
| -//- | РПККЖ жана КДИ "Баалоонун заманбап технологиялары" | 17-декабрь 2018-жыл | Сертификат |
| -//- | АӨБ, 7-11-класстардын предметтик стандарты | Январь 2019-жыл | Тастыктама |

| | | | |
|---|---|---|---|
| -//- | РПККЖ жанаКДИ “Мугалимдин компетенттүүлүгү” | 13-февраль 2019-жыл | Сертификат |
| -//- | РПККЖ жана КДИ “Окурмандык сабаттуулук б-ча компетен-рын калып-руу ж-а баалоо” | 09-март 2021-жыл | Сертификат |

## Алган сыйлыктары:

| | |
|---|---|
| **Аламүдүн РБББ** | “Жыл мугалими” 3-орун Ардак Грамота 1998-жыл |
| **Чүй БББ ж-а КМУ** | Ардак Грамота 2004-жыл |
| **КРББ жана Илим министрлиги** | “КР Билим берүүнүн отличниги”төш белгиси 2004-жыл |
| **Аламүдүн РМА** | Ардак Грамота 2006-жыл |
| **Аламүдүн РМА** | Ардак Грамота 2008-жыл |
| **КР Мам.тил ком.** | Диплом 2009-жыл |
| **Генерал-майор А.Бакаев ат.сыйлык** | Ысымдык стипендия 2011-жыл |
| **Аламүдүн РМА** | Ардак Грамота 2011-жыл |
| **Айтматов клубу** | Ч.Айтматовдун 90 жыл. карата төш белги 2018-жыл |
| **Аламүдүн РМА** | Ыраазычылык кат 2021-жыл |
| **КРББ жана Илим министрлиги** | Ыраазычылык кат 2021-жыл |

## Компьютердик билими:

| **Программа** | **Билүү деңгээли** |
|---|---|
| **Word** | жакшы |
| **Excel** | орто |
| **Power Point** | жакшы |
| **Internet** | жакшы |

## 2019-2022-жылдардын аралыгы

## Мугалимдин 5 жылдык окуу планында иштелген иштер жана тарбиялык багыттар

1. Адабий викторина “Манас”эпосу- кыргыз кенчи

2. Сабак-семинар “Манас-океан эпос”

3. Пресс-конференция “Манас”эпосунун искусстводогу экинчи өмүрү

4. “Сүйүү деген сүйүү эмес бетиңден…”Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы махабат темасы

5. Алыкул жана Ысык-Көл

6. Фразеологизмдер жана алардын белгилери

7. “Энчилүү жана жалпы зат атоочтор” сабак-таймаш

8. “Сөз түркүмдөрүн кайталоо” жомок-сабак

9. К.Тыныстановдун өмүрү чыгармачылыгы

10. “Адабияттын алптары” адабият күнүнө карата иш-чара

## Мугалимдин методикалык жактан калыптануусу

1. Жаңы инновациялык методдорду окуп үйрөнүү

2. Атайын даярдалган курстардан өтүү

3. Жаңы идеялар менен камсыз болуу

4. Окуучуну тарбиялоодогу жаңы ыкмаларды үйрөнүү

5. Булардын бардыгын практикада колдонуу

## Мугалим жөнүндө жалпы маалымат

Мен, Сагымбаева Анар Келдибаевна, 1952-жылы Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Ичке-Жергез айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулгам. 1959-1969-жылдары өз айылымдагы орто мектепте окуп, бүтүргөм.

1970-1977-жылдары КМУнун кыргыз филология факультетинде окудум. "Филолог. Кыргыз тили,адабияты мугалими " адистиги боюнча дипломго ээ болгонум менен ошол кездеги мамлекетибиздин мектептеринде бул адистик боюнча саат абдан эле аз болгондуктан, борбор шаардагы Жаштар китепканасында эмгектендим.

Педагогдук чыйырым Аламүдүн районундагы Таш-Мойнок орто мектебинен 1982-жылы башталды.

1986-жылдан 1995-жылга чейин Москва районундагы Ленин атындагы мектепте иштедим.

1995-жылдан баштап Аламүдүн районундагы Таш-Мойнок орто мектебинде мугалимдигимди уланттым. Ушул жылдары өз предметим боюнча райондук, облустук семинар, конференцияларга катышып, докладдар менен чыгып суйлөп жүрдүм.

1998-жылы райондук "Жыл мугалими" конкурсуна катышып, анда байгелүү 3-орунду алдым жана окуу процессинде пайдаланылуучу көрсөтмө куралдарды мугалимдер арасында жайылтуу боюнча семинар-тренингдерди өткөрдүм.

2002-2003-окуу жылында Чүй облустук мектеп-гимназиясынын чакыруусу менен бул жакка келип, ошондон бери кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштеп жатам.

2003-жылы "Жылдын мыкты мугалими "наамы гимназия ичинде ыйгарылды. Ушул эле жылы буга чейинки эмгектин натыйжасы менен "Билим беруүнүн отличниги" төш белгисине ээ болдум. 2005-жылы кайрадан гимназиянын "Жылдын мыкты мугалими" наамы ыйгарылды.

Мурдагы мектептерде деле, бул гимназияда деле иштеген жылдардын бардыгында райондук, кээде облустук олимпиадаларда жюри мүчөсү, мугалимдердин "Жылдын мыкты мугалими" конкурстарында жюри мүчөсү,

окуучулардын билимин аттестациялоодо жазылган дилбаяндарды текшерүү комиссиясынын мүчөсү болуп иштеп келдим.

Сабак берүүдөгү проблемам катары окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү, кыргыз тилинде таза, сабаттуу сүйлөөсүнө, жазуу иштерине басым жасайм.

Окуткан окуучуларым райондук ,облустук мектеп окуучуларынын олимпиадаларында дайыма I-III орундарга ээ болуп келишүүдө.

Эмгек жолумда ачык сабактарды, ачык класстык сааттарды ар кыл темада өткөрүп турам. Мугалимдердин сабактарына катышып, алардын мага жаңылык болгон методдорун үйрөнүүдөн азыр деле арданбайм, жадабайм.

Райондо, облуста, республикада өткөрүлгөн семинар, кеңешмелерге, тил мааракеси болобу катышып, өзүмдүн кесиптик деңгээлимди көтөрүп турууга да аракеттенем.

Өзүм иштеген жамаат менен жакшы мамиледе болуп, алардын кубанычтары, жетишкендиктери менен тең бөлүшүүнү жакшы көрөм. Окуучулардын да сый-урматына ээ экенимди билем.

Үйдө болсо, балдарымдын мээримдүү энесимин, сүйүктүү таенесимин.

## Олимпиадага даярдануунун милдеттери

1. Олимпиадага даярдануунун жекече план-программасын түзүү.
2. Олимпиадага даярдануу үчүн керек болгон адабияттардын тизмесин түзүү.
3. Атайын олимпиадалык тапшырмалар жыйнагын түзүү.
4. Республикалык, облустук, райондук олимпиадалардын мурунку жылдардагы материалдарын таап, даярдануу.
5. Предметке байланыштуу маалыматтар менен иштөө.
6. Сөздүктүн түрлөрү, справочниктер, тесттер жыйнактарын топтоо
7. Таблица, схемалар топтому
8. Адабий чыгармалардын хрестоматиясы, адабият терминдери топтому
9. Түшүнүктөр, аныктамалар, кошумча илимдер.
10. ЖОЖ мугалимдеринен, мыкты тилчи мугалимдерден консультация алуу.

11. Ар бир олимпиадага даярданган окуучунун өздүк дептер, папка, сөздүк жана керектүү окуу куралдары менен камсыз болуусун көзөмөлдөө.
12. Мектеп ичинде предметтик олимпиада өткөрүү.
13. НЦТ жана башка тесттер жыйнактарын топтоо.

***Олимпиадага даярдануунун эң негизги шарттары:***

1. Мугалим өз предметин эң жакшы билүүсү.

2. Өз предметине кызыгуусу

3. Мугалим күчтүү болсо, окуучу да күчтүү.

4. Олимпиадага даярдануунун максатын, милдеттерин, программасын иштеп чыгуу.

5. Ал максаттарга жетүүгө окуучуну шыктандыруу.

6. Кабинет интернет менен камсыз болуусу, жылуу, жарык ж.б

7. Олимпиадага катышкан окуучулардын ата-энелери менен кызматташуу

8. Республикалык, облустук, райондук олимпиада тартиптерин, тапшырмаларын, шарттарын үйрөтүү.

9. Мектеп админстрациясы менен тыгыз байланышта болуу, колдоо алуу.

## Олимпиадалардын жыйынтыгы жөнүндө маалымат

| № | Окуучунун аты-жөнү | Классы | Катышкан жылы | Алган орду | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Район | Облус | Республика |
| 1 | Мукашова Чолпон | 10 | 2003 | 1 | 4 | |
| 2 | Мукашова Чолпон | 11 | 2004 | 1 | 3 | |
| 3 | Шамбетова Наргиза | 10 | 2004 | 2 | | |
| 4 | Шамбетова Наргиза | 11 | 2005 | 1 | 4 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Чыдыбаева Наргиза | 10 | 2006 | 1 | 3 | |
| 6 | Чыдыбаева Наргиза | 11 | 2007 | 2 | | |
| 7 | Сүйүндүкова Азиза | 10 | 2007 | 1 | 3 | |
| 8 | Сүйүндүкова Азиза | 11 | 2008 | 1 | 3 | |
| 9 | Эсенбек кызы Азиза | 10 | 2008 | 2 | | |
| 10 | Эсенбек кызы Азиза | 11 | 2009 | 1 | 3 | |
| 11 | Асанкан кызы Жылдыз | 10 | 2011 | 1 | 3 | |
| 12 | Асанкан кызы Жылдыз | 11 | 2012 | 1 | 1 | 4 |
| 13 | Кудайбердиева Илимгүл | 10 | 2012 | 2 | | |
| 14 | Садыркул кызы Сезим | 11 | 2016 | 2 | | |
| 15 | Сагынбек кызы Адинай | 10 | 2020 | 1 | 3 | |
| 16 | Сагынбек кызы Адинай | 11 | 2021 | 1 | 3 | |

# Менин педагогикалык философиям

***Адамзатты жаратты жандан артык***
***Акыл,билим,өнөрдү берди калпып.***
**Ж.Баласагын.**

Жылдар өтүп,жылдын мезгилдери бири-бирин алмаштырып күндүн кандай өткөнүн,кечтин кандай киргенин сезбей асма көпүрөсү солкулдаган өткөөл сенектик мезгилинде да кабыргасы кайышпай, жарыбаган маянасына топук кылып жашап,келечектин пайдубалынын бекем болушун тилеп,эч кимге кадыр-колко кылбай балага билим берип,анын жан дүйнөсүн ачып,келечектин инсандарын тарбиялап,элибиздин караңгыда кармаган шам чырагы болуп,болгон билимин,талантын,ишкердүүлүгүн балага арнап, "мугалим "деген сөздүн ыйыктыгын ,тазалыгын туу тутуп,Ата мекенине,элине ыйманы таза кызмат кылып келе жаткан ыйык кесиптин ээлерибиз деп,тартынбастан айта алам.

Чындыгында адам жаралганда эле ар кимиси бири-биринен айырмалуу,ар кандай өнөргө жөндөмдүү,шыктуу болуп жаралары кимге белгисиз? Мына ошондон улам баладагы тубаса өзгөчөлүктөрдү эске алып,анын жан дүйнөсүн ар тараптан ачып, өз жөндөм шыгына жараша окутуп,тарбиялоо айтканга жеңил болгону менен иш жүзүнө келгенде алда канча оор.Ал эми ушул талапка жооп бергендей окутуп-үйрөтүү үчүн коомубузга кандай мугалимдер керек? Албетте, өз кесибин чындап суйгөн, педагогикалык маданияты жогору, эрудициясы күчтүү, сабагын мыктап билген, таланттуу, ар дайым изденип иштеген мугалимдер керек экени айтпаса да белгилүү иш.

Мугалимдик дарамети аз, өз кесибинин ысыгына күйбөй, суугуна тоңбой, сабагын "жүр нарыга" салып, ишине кош көңүл мамиле кылып, мугалимдик кесипке аргасыз келип, арабөк иштөө келечекке кылган чоң күнөө деп эсептейм. Ал эми иши мыкты, билими терең, чыгармачылык менен иштеген мугалимдерибиз арзыбаган айлыкка көз каранды болуп отурбастан, мектептен чыгып, маянасы көбүрөөк жумуштарга, базарларга, чет мамлекеттерге кетип калып жатышпайбы?! Баарынан өкүнүчтүүсү да, менин ички дүйнөмдү бүлүккө салганы да, жүрөгүмдү оорутканы да ушул.

Атаганат! Биздин мамлекетибиздин экономикасы өсүп, казынасы толуп турса, мугалимдердин социалдык абалы көтөрүлүп, эмгек акысы көбөйүп, биздин сыймыктуу, түйшүктүү, жооптуу кесибибизди түшунүп, көңүлдү көбүрөөк бурат беле?

Өзүмдүн ушундай касиеттүү, ыйык, таза кесипти тандап алганыма сыймыктанам. Азыр көбүнчө мектепте пенсия жашындагылар иштейт. Мен “педагог” деген кесиптин дипломун алып жаткан жаштарга: “Келгиле, мектепке иштегиле, улуулардын ишин үйрөнгүлө, жаңы билим берүү технологиясын жакшы билесиңер, балдарга үйрөткүлө, байлык- мансап үчүн эмес, келечек үчүн билгениңерди жайылткыла, төгүлгүлө. Келечек силердин колуңарда!” – дээр элем.

Арыба, ыйык кесип ээлери – кесиптештерим!!!

**Сабактын аты:** Кыргыз адабияты

**Сабактын темасы:** «Ажар» повестин жыйынтыктоо

**Классы:** 5

**Мугалими:** Сагымбаева Анар Келдибаевна

**Сабактын тиби:** Билим, билгичтик көндүмдөрдү өлчөө жана баалоо
**Колдонулган ыкма:** интерактивдүү көрсөтмөлүүлүк, «Дасторкон» стратегиясы, топ менен иштөө
**Колдонулган каражаттар:** сүрөттөр, ТСО, жылдызча,карта
**Предмет аралык байланыш:** тарых, кыргыз тил, адеп

| № | Негизги компетенттүүлүктөр | Предметтик компетенттүүлүктөр |
|---|---|---|
| 1 | Маалыматтык НК1 | Окурмандык компетенттүүлүк  ПК 1 |
| 2 | Социалдык-коммуникациялык НК2 | Баалуулук-дүйнө  таанымдык компетенттүүлүк ПК 2 |
| 3 | Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү  чечүү | Адабий- чыгармачылык компетенттүүлүк ПК 3 |

| № | Максаттар | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|
| **1** | **Билим берүүчүлүк**<br><br>-Повесть аркылуу окуучулар үркүн мезгилиндеги кыргыз элинин басып өткөн татаал жолу жөнүндө маалымат алышат. | -Үркүн темасынын чыгармадагы маанисин аныктап,окуяга,каармандарга мүнөздөмө бере алышса, |
| **2** | **Өнүктүрүүчүлүк**<br><br>-Чыгарманын мазмунун талдап,өз оюн бүгүнкү мезгил менен салыштырып,айта билишет. | -Топ менен изилдеп,талкуу кылышса,көз караштарын топтоштурушуп,жыйынтык чыгарууга үйрөнүшсө,<br><br>-Бүгүнкү күн менен байланыштыра алышса, |
| **3** | **Тарбия берүүчүлүк**<br><br>-Мекенди жана ата-энени сүйүү,өз эркиндиги үчүн күрөшө билүүгө тарбияланышат. | -Чыгармадагы окуянын жүрүшү аркылуу жыйынтык чыгарып,топто иштөө менен бири-бирин сыйлап,сабырдуулук көндүмдөрү калыптанса, |

## Сабактын жүрүшү:

| № | Сабактын этаптары | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | Компет-к НК ПК | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу<br>Саламдашуу<br>Шыктандыруу<br>(5 мин) | -Жагымдуу маанай түзүү (ыр угузуу «Балалык»)<br>-Алтын эреже эскертилет<br>-Баалоонун шарты айтылат<br>-Топторго бөлүнгөн боюнча аттарын өздөрү коюшат | -Ыр угуу менен жагымдуу маанай түзүшөт<br><br>-Топтор аттарын коюп, жактап беришет | НК 1 | |
| 2 | Үй тапшырма<br>(5 мин) | Пирамиданын канаттары аркылуу суроо берилет.<br>1. К.Баялинов ким болгон?<br>2. Пролог деген эмне?<br>3. 1916-ж боштондук күрөштү кимдер уюштурган?<br>4. Бул окуяга арналган кандай чыгармаларды билесиңер?<br>5. Монолог деген эмне?<br>Өткөн сабакта Ажардын монологун жаттап келүү тапшырмасы берилген (Монолог айтуу. Ар бир топтон бирден окуучу) | Берилген суроолорго жооп беришет<br><br>Монологду көркөм айтышат | | |
| 3 | Практикалык иш<br><br>(6-7 мин) | Мугалим сабактын максатын айтат.<br>«Үркүн» тасмасынан үзүндү көрсөтүлөт. Мугалим Үркүн боюнча маалыматты бекемдейт.<br>3 топко суроолор берилет.<br>1-топ.<br>-«Ажар» повестиндеги башкы каармандар?<br>-Ажар кимге эмне үчүн сатылды?<br>2-топ<br>-Ажар үркүнгө чейин кандай жашаган?<br>-Чыгармадагы терс каармандар<br>3-топ<br>-Ажар каякка, эмне үчүн качып чыкты, анын максаты эмне эле? | -Окуучулар бири-бири менен кеңешишип, суроолорго жооп беришет. | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | -Ажардын жолдогу абалын сүрөттөп бергиле! | | | |
| 4 | Бышыктоо<br>(5мин) | 3 топко «Дасторкон» стратегиясы менен иштөө тапшырмасы берилет.<br>1-топ. Чыгармадагы каармандар системасы<br>2-топ. Ажар карышкырларга каршы кантип күрөштү?<br>3- топ. Ажардын тагдырындагыдай адамдар азыр да барбы? | Берилген суроолорго чыгармачылык менен жооп издешип, салыштырып, талдашат, өз ойлорун презентациялашат. | | |
| 5 | Жыйынтыктоо | «Сезимдер дарагы» жыйынтыкташат<br>Мугалим жыйынтыктайт | Окуучулар сабактан эмне ала алгандыгын жазып, сезимдер дарагына чапташат | | |
| 6 | Баалоо<br>(3 мин) | Баалоодо калыстык болуусуна көз салынат | Топ башчысы упайларды эсептейт | | |
| 7 | Тапшырма берүү | «Эгерде мен автор болсом…» деген темада өздөрүнүн чыгармасын жазуу | Окуучулар күндөлүккө үй тапшырмасын жазышат | | |

**Мугалим:** Сагымбаева Анар Келдибаевна

**Предмети:** Кыргыз адабияты

**Класс:** 6

**Сабактын темасы:** Жеңижок жана Б.Алыкуловдун санат-насыят ырларын жыйынтыктоо

**Сабактын тиби:** Билим,билгичтик көндүмдөрдү өлчөө жана баалоо

**Колдонулган ыкма:** интерактивдүү, «Блумдун кубиги», топ менен иштөө

**Колдонулган каражаттар:** Сүрөттөр, ТСО, кубик

**Предмет аралык байланыш:** кыргыз тили, тарых, адеп

| № | Негизги компетенттүүлүктөр | Предметти ккомпетенттүүлүктөр |
|---|---|---|
| 1 | Маалыматтык НК1 | Окурмандык компетенттүүлүк ПК1 |
| 2 | Социалдык-коммуникациялык НК2 | Баалуулук-дүйнө таанымдык компетенттүүлүк ПК2 |
| 3 | Өз ишин уюштуруу жана көйгөйдү чечүү НК3 | Адабий чыгармачылык компетенттүүлүк ПК3 |

| № | Максаттар | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|
| 1 | **Билим берүүчүлүк**<br>Санат-насыят ырларынын маанисин түшүнө алат, түшүнгөнүн сүйлөп бере алат, адамдагы түрдүү сапаттарды санап, аларга мүнөздөмө бере алат, акындардын ой жүгүртүүсүнүн кеңдигин түшүнөт. | Санат-насыят ырларынын маанисин аныктап,адамдагы түрдүү сапаттарды өз түшүнүктөрү менен мүнөздөмө бере алса, акындык өнөрдүн өзгөчөлүктөрүн түшүнсө. |
| 2 | **Өнүктүрүүчүлүк:**<br>Сынчыл ой жүгүртүү,ойлорду талдай билүү, баяндап айтуу көндүмдөрү калыптанат, сөз байлыгы өсөт. | Топ менен изилдеп, талкуу кылышса, көз караштарын топтоштуруп,жыйынтык чыгарууга үйрөнүшсө, ойлорду талдай билишсе. |
| 3 | **Тарбия берүүчүлүк:**<br>Адамдык асыл сапаттарга ээ болууга умтулат, адеп-ахлактуулукка үйрөнөт, ынтымактуу болуп, бири-бирине сылык мамиле жасоого көнүгөт. | Санат-насыят ырлары аркылуу адеп-ахлактуулукка үйрөнсө, топто иштөө менен бири-бирин сыйлап, сылык мамиле жасоого көнүксө. |

## Сабактын жүрүшү:

| № | Сабактын этаптары | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | Компетент - -түүлүк НК | ПК | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Уюштуруу**<br><br>**Саламдашуу**<br><br>**Шыктандыруу**<br><br>(3 м) | -Жагымдуу маанай («Насаат ыры») Калпак,көөкөр менен топторго бөлүштүрүү. Доскада жазылган аттардан тандап, жактап беришет.<br>-Алтын эреже эскертилет<br><br>Баалоонун шарты айтылат | Жагымдуу маанай түзүлөт<br>-Топтор аттарын коюп, жактап беришет | **Н.К.1**<br>**6.1.1.2** | | **Диагностик- -лык** |
| 2 | **Үй тапшырма**<br>**(5 м)** | Пирамиданын канаттары аркылуу суроолор берилет. Мына балдар, бул сыйкырдуу буюм ачылыш үчүн бир нече суроолорго жооп беришинер керек. (Суроого жооп берген сайын бирден канаттары ачылат)<br>1.Жеңижок (Өтө) Көкө уулу качан, каякта жарык дүйнөгө келген?<br>2.Эмне себептен Жеңижок аталып калган?<br>3.Б.Алыкулов ким болгон?<br>4.Эмне себептен Барпы бала чагында көп кыйынчылыктарга дуушар болгон?<br>5.Өткөн сабакта Жеңижок менен Барпынын санат ырларын жаттап келүү тапшырмасы берилген. (Ар бир топтон экиден окуучу) | **Берилген суроолорго жооп беришет.**<br><br>**-Ырларды көркөм айтышат.** | **НК-2**<br><br>**ПК**<br>**6.1.1.4**<br><br>**6.1.1.6** | | **Формативдик баалоо** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Анда эмесе бугунку сабагыбыздын темасы «жылдыз» болуп жанды. Б.а Женижок менен Б.Алыкуловдун санат-насыят ырларын жыйынтыктайбыз. | | | |
| **3** | **Практикалык иш (5м)** | **Мугалим сабактын максатын айтат.**<br>Санат ырынан үзүндү уктурулат.<br>Суроо:<br>1. Ырдан кандай насааттарды белгилей аласыңар?<br>Көрдүңөрбү, балдар! Кара жаак акындарыбыздын жолун жолдоп, насаат ырларын ырдап келе жаткан төкмө акындарыбыз бүгүнкү күндө жок эмес. Азыркы учурдагы төкмө акындардан кимдерди билесиңер? (Төкмө акындардын сүрөтү көрсөтүлөт)<br>2.Санат-насыят дегенди кандай түшүнөсүңөр?<br>Мугалим маалыматты бекемдейт. (Экрандан туура жообу көрсөтүлөт) | **Окуучулар болжолдуу жоопторду айтышат** | **НК-2**<br>**6.1.1.1** | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **4** | **Бышыктоо (7-8м)** | **«Блумдун кубиги» стратегиясы менен иштөө тапшырмасы**<br>1-топ<br>1-суроо: Жеңижок «Айтамын санат тобуңа» ырында адамдагы сапаттарды атагыла?<br>2-топ<br>1суроо: Адамдарда ар түрдүү сапаттар болот. Ошол сапаттарды атагыла, аларга бааңарды бергиле. (оң жана терс)<br>1-топ<br>2-суроо: Санат-насыят ырларынын же насаатсөздөрүн айтуунун эмне максаты бар деп ойлойсуңар?<br>2-топ<br>2-суроо:<br>Эмне үчүн илгертен бери айтылып келе жаткан санат-насыят ырлары ошондон бери унутулбай ырдалып келе жатат?<br>1-топ<br>3-суроо: «Атың барда-жер тааны,<br>Атаң барда-эл тааны!<br>Экөө тең бар чакта<br>Эмгектенип эр жигит,<br>Эпчил болуп жан сакта!» - деген саптарында кандай ойлор жатат, түшүндүрчү?<br>2-топ<br>3-суроо:<br>«Ырыскыны бекерге<br>Төкпөгүлө балдар ай,<br>Акарат кылып бирөөнү,<br>Сөкпөгүлө балдар ай | **Окуучулар бири-бири менен кеңешип,чы-гармачылыкменен салыштырып,талдашат.** | **НК-1**<br>**ПК-6.2.2.15**<br>**НК-2**<br>**ПК 6.2.2.16**<br>**НК-2**<br>**ПК 6.4.1.28**<br>**НК-1,2**<br>**ПК 6.4.12.7** | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Мурдуңду бөөдө көтөрүп,<br>Көппөгүлө балдар ай»,<br>- бул насааттардын маанисин чечмелеп бергиле! (Сөзкуржун. Ушул ыр саптарында айтылган «акарат,» «бөөдө» деген сөздөрдүн маанисин чечмеле пбергилечи.)<br>1-топ<br>4-суроо: Азыркы күндө санат-насыят сөздөргө мани бербегендерди б.а турмуштук окуяларды сунуштагыла!<br>4-суроо: Адамды жакшы сапаттарга тарбиялаган макалдардан сунуштап, алардын маанисин чечмелегиле.<br>1-топ<br>5-суроо: Ойлоп көрчү, улуу адамдардын насааттары айтылбаса кандай болот эле?<br>2-топ<br>5-суроо: Ойлоп көрчү, Барпынын «Балдарга насыят» деген ыры чоңдорго жакпайбы, ыр эмне үчүн ушундай аталат**? (Болжолдуу жооп: «баланы жашынан» дегендей, балага насыят айтуу улуулардын милдети**)<br>1-2-топ<br>6-суроо: «Санат-насыят ырларынан кийинки сезимиңер менен бөлүшкүлө. | | **НК-2.3**<br>**ПК-6.4.3.2.9**<br><br><br><br>**НК-3**<br>**ПК-6.4.1.2.7** | |
| **5** | **Жыйынтыктоо (2м)** | Алган билимибизди | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | тест менен жыйынтыктайлы. Демек, балдар бүгүнкү сабакта элибиздин ойчул, төкмө акындарынын ырларын талдоо менен көптөгөн акыл-насааттарды алдыңар. Окуп,угуп эле тим болбостон турмушуңарда колдонуп,акыл-эстүү балдар болуп чоңоюшуңарга тилектешмин! | | | |
| **6** | **Баалоо (1м)** | Баалоодо калыстык болуусуна көз салынат. | **Топ башчысы упайларды эсептейт** | | |
| **7** | **Тапшырма (1м)** | Кошумча адабияттардан насаат ырларын таап келүү | | | |

**Мугалим:** Сагымбаева Анар Келдибаевна

**Предмети:** Кыргыз адабияты

**Класс:** 10

**Сабактын темасы:** К.Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасын жыйынтыктоо

**Сабактын тиби:** Билим,билгичтик көндүмдөрдү өлчөө жана баалоо

**Колдонулган ыкма**: интерактивдүү, «Билим миллионери», АЖППОК, топ менен иштөө

**Колдонулган каражаттар**: сүрөттөр, ТСО ж.б

**Предмет аралык байланыш**: кыргыз тили, тарых

| № | Негизги компетенттүүлүктөр | Предметтик компетенттүүлүктөр |
|---|---|---|
| 1 | Маалыматтык НК1 | Окурмандык компетенттуулук ПК1 |
| 2 | Социалдык-коммуникациялык НК2 | Баалуулук-дуйно таанымдык компетенттуулук ПК2 |
| 3 | Өз ишин уюштуруу жана көйгөйду чечуу НК3 | Адабий чыгармачылык компетенттуулук ПК3 |

| № | Максаттар | Кутулуучу натыйжалар |
|---|---|---|
| 1 | **Билим берүүчүлүк**<br>К.Тыныстановдун «Жаныл Мырза» поэманын идеясын, маанисин түшүнүү менен бирге өз билимдерин, ой-пикирлерин талкуу аркылуу тереңдетишет. | Поэманын негизги идеясын аныктап, каармандарга мунөздөмө берип, тарыхый инсан жөнүндө түшүнүк алышса; |
| 2 | **Өнүктүрүүчүлүк:**<br>Чыгармадагы окуяларды талдоо менен Ата Мекенге болгон ыйык сүйүүнү көрушөт. Адилеттүүлүк менен кара өзгөйлүктү ажырата алышат. Эл бактысын, өз бактысынан ыйык койгонун сезишет. | Топ менен изилдеп, талкуу кылышса, көз караштарын топтоштуруп, жыйынтык чыгарууга үйрөнүшсө, ойлорду талдай билишсе; |
| 3 | **Тарбия берүүчүлүк:**<br>Жаңылдын эрдигин окуп билүү менен өз алдынча ой жүгүртүп, келечекте эл кызматына жараган, эл үчүн адам болууга тарбияланышат. | Эл үчүн кызмат кылуу, «Баатыр өзү өлсө да, сөзү өлбөйт» деген макалдын далили ушул чыгарма экендигин билишсе, патриоттук сезимдери ойгонсо; |

## Сабактын жүрүшү:

| № | Сабактын этаптары | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | Компетент туулук | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | НК | ПК | |
| 1 | **Уюштуруу**<br><br>**Саламдашуу**<br><br>**Шыктандыруу**<br><br>**(3 м)** | -Жагымдуу маанай «Сонун уй» (өткөн сабактагы табышмактын жандырмагын айтуу)<br>Топторго бөлүү<br>Өзүн өзү баалоо шарты айтылат | Жагымдуу маанай түзүлөт<br>-Топтор аттарын коюп, жактап беришет | Учурдагы сабактын маанилүүлү-гүн түшүнүшөт | | **Диагностик-к** |
| 2 | **Үй тапшырма (5 м)** | КНМП таблицасы аркылуу суроо б.а мүмкүнчүлүк таблицасын сурайм.<br>Жаңыл Мырзанын кандай мүмкүнчүлүктөрү бар эле?<br>(3-4 окуучудан жооп алам) | Берилген суроолорго жооп беришет. | | | **Формативдик баалоо** |
| 3 | **Практикалык иш** | **Мугалим сабактын максатын айтат.**<br>Кимдин жүрөгүндө эмне болсо ошону менен бөлүшөт дегендей биз сабакты баштаардан мурда бир окуяны айта кетсем. Мына бул сыр сандыкта мындай бир окуя катылган экен. Күндөрдүн бир күнүндө бир бай адам чака толо таштандысын кошуна жашаган кедейге карматат. Кедей күлүп гана тим болот да,чаканы көтөрүп жөнөйт. Таштандыны төүп, чаканы тазалап жууп, ага толо жыпар жыты буркураган гүлду толтуруп салып, ээсине кайтарат.Таң калган бай: «сен эмне чаканы кооз гулгө толтуруп берип жатасың, мен сага таштандыга толгон | Окуучулар бири-бири менен кенешип, чыгарма чылык менен салыштырып талдашат. | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | чаканы бердим эле го», -дейт. Анда кедей: «Ар ким жүрөгүндө эмне болсо, ошону гана берет» деген экен. Балдар, бири-бирибизди жакшы сөздөр менен кубандырып, жакшы кабарларды айтышып, жакшынакай гүлдөрдү белекке беришип, көңүлдөрдү көтөрүп жүрөлү. Азыр биз талдай турган чыгармадан сөздүн, көңүлдүн гүлдөрүн терип, турмушуңарда тарбия алгыдай болгула!<br>Сандыктан топ башчылары суроо алышат.<br>Суроо:<br>1.Поэмадагы окуя кандай баяндалат?<br>2.Тагай деген ким, анын урпактары кимдер болгон?<br>3.Түлкү аялын кетирип жибергенинин себеби эмнеде?<br>4.Түлкү эгер «Канчыктын Кертайганы»деген сөздү айтпаса, жылкыларын чаап албаса кандай болот эле?<br>5.Жаңыл кайда келди, эмне үчүн өз өмүрүн кыйды?<br>6.Сыйкырчы кандай чечим чыгарды, Абыл деген ким? Эмне үчүн Жаңыл Абылды аткан жок?<br>7.Жаңыл өз сүйүүсүн жогору коюп, Түлкүнү өлтүрбөстөн, аны менен бактылуу жашаса болот беле?<br>8.Жаңыл Мырзанын ордунда болсоңор кандай кадамдарга барат элеңер?<br>9.Азыркы мезгилде Жаңыл | | **5.1.3.4 Чыгарманын окуясын оозеки түрдө көз алдыга келтирип, айтып беришет.**<br>**5.3.2.16 Түйүндүү эпизоддорду анализдейт каармандарды н жүрүм-туңурумун баалайт** | **Калыптан дыруучу баалоо** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Мырзадай кыздар барбы?<br>10.Жалпы суроо: Чыгарманы окуп, талкуулагандан кийинки сезимиңер менен бөлүшкүлө. | | | |
| **4** | **Бышыктоо (7-8м)** | **«Билимдин миллионери» оюну менен иштөө.** | Окуучулар тез жооп берүүгө аракет кылышат. | | **Өзүн-өзү баалоо** |
| **5** | **Жыйынтыктоо (2м)** | АЖППОК схемасы менен сабакты жыйынтыктоо | Ар бир суроосуна бирден окуучу жооп берет | | |
| **6** | **Баалоо(1м)** | Баалоо калыстык болуусуна көз салынат. | Топ башчысы упайларды эсептейт | **Өз иш-аракеттерин туура баалоого машыгышат** | **Жыйынтыктоочу баалоо** |
| **7** | **Тапшырма (1м)** | «Мен мекеним үчүн кызмат кылам» эссе жазуу | **Чыгармага таасирленип, ой толгоорун жазышат** | | |